расмий тилден мамлекеттик тилге которулган

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

# Ч Е Ч И М И

2014-жылдын 7-майы Бишкек шаары

жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Ж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, К.С. Сооронкулованын курамында, сот жыйналышынын катчысы М.Э. Толобалдиевдин;

кайрылуучу тарап – жаран Е.В.Осинцев, Е.В.Осинцевдин ишеним катынын негизиндеги өкүлү А.П. Волосатованын;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним катынын негизиндеги өкүлү К.Р. Садыков;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним каттын негизинде өкүл болгон Ж.С. Бокошеванын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним каттарынын негизиндеги өкүлдөрү Л.Ю. Усманованын жана А.Ш. Шукурбековдун катышуулары менен, Конституциянын 97-беренесинин 1-, 6-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-, 4-, 18-, 19-, 24-, 37- жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, ачык сот жыйналышында Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин (мындан ары – КЖК) конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карады.

Ишти кароого жаран Е.В. Осинцевдин өтүнүчү себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп, талаш-тартыш болгон Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин ченемдик жобосу

Конституцияга ылайык келүү жөнүндө маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу саналат.

Сот жыйналышына ишти даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, берилген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) 2013-жылдын 1-октябрында жаран Е.В. Осинцевден Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 338-беренесинин Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна карама-каршы келгендигин таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Е.В. Осинцев күчүнө кирген соттун өкүмүндө, соттун чечиминде же башка сот актысында бекитилген мөөнөттө кыянаттык менен аткарбагандыгы үчүн эркинен ажыратуу түрүндө санкциясы каралган жана алардын аткарылышына тоскоол болгон Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна, жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбаганынын негизинде эркинен ажыратууга тыюу салуу кепилдиги бөлүгүнө каршы келет деп эсептейт.

Арыз берүүчүнүн пикири боюнча, конституциялык жобого мындай каршылык Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесине өзгөртүү киргизүү менен пайда болгон (Кыргыз Республикасынын 2009-жылы 24-июлдагы №264 «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен), ага ылайык соттун чечимин кыянаттык менен аткарбагандыгы үчүн жазык жоопкерчилиги мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарына гана эмес, жарандарга да таратыла баштаган.

Е.В. Осинцевдин пикири боюнча, өндүрүп алуу жана карызды кайтаруу бөлүгүндө соттун чечимин аткаруу Кыргыз Республикасынын «Аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана сот аткаруучулардын статусу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген тартип боюнча жүзөгө ашырылышы керек. Бирок, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин ченемдери, эгер карыз болгон адамда өндүрүүгө бериле турган мүлк, акчалай сумма, баалуу кагаздар же киреше жок болгон учурда гана жазык жоопкерчилигине тартуу мүмкүнчүлүгү каралган, ошентип, Конституциянын ченемдерин бузуу жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн эркинен ажыратууну карайт.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын аныктамасы менен 2013-жылдын 11-ноябрындагы арыз берүүчүнүн өтүнүчү конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынган.

Е.В. Осинцев тарабынан 2014-жылдын 16-апрелинде мурда сунушталган өтүнүчтүн далилдөөчү бөлүгүнө толуктоо киргизилген, анда бир эле укук

бузгандык үчүн адамдын эки жолу юридикалык жоопкерчилигин тартуу мүмкүн эместигине кошумча далилдерди келтирген.

Е.В. Осинцев өтүнүчкө толуктоо катары, Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндөгү Кодексинин 422-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин ченемдерин келтирет, алар, арыз берүүчүнүн пикири боюнча, «аткарбоо» жана «кыянаттык менен аткарбоо» сөздөрүнөн башкасы дээрлик окшош болуп саналат, буга байланыштуу сот практикасы, бир эле жаранды алгач административдик жоопкерчиликке тартышып, андан кийин, кандайдыр бир себептерден же милдеттенмелерден улам сот актысы аткарылбаса, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренеси боюнча жазык иши козголот. Келтирилген далилдер, Е.В. Осинцевдин пикири боюнча, Конституцияга карама-каршы экендигин көрсөтөт.

Сот жыйналышында Е.В. Осинцев Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесин конституциялык эместигин таануу жөнүндө талабын колдоп жана аны канааттандырууну суранды.

Жогорку Кеңештин өкүлү К.Р.Садыков кайрылуучу тараптын далилдери менен макул болбой жана КЖКнын 338-беренесин Конституцияга карама-каршы эмес деп эсептейт.

Конституциялык палата иштин материалдарын изилдеп чыгып, тараптардын далилдерин угуп, сот жыйналышында катышкан башка жактардын пикирлерин угуп, төмөнкүдөй тыянактарга келди:

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Демек, бул иш боюнча Конституциялык палатанын кароосунун предмети болуп, төмөнкүдөй мазмундагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин ченемдик жобосу эсептелет:

«338-берене. Соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актысын аткарбагандык.

Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актыны кыянаттык менен аткарбагандык, ага тете аларды аткарууга тоскоолдук кылуу – сексенден эки жүз кырк саатка чейинки мөөнөткө коомдук жумуштарга же болбосо жүздөн миңге чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндө айып салууга, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратууга, же болбосо бир жылдан эки жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратууга жазаланат».

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекс мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык, 1997-жылдын 1-октябрында №68 санында кабыл алынган, 1998-жылдын 229-б №7 санында «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысында» жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы кодекс болуп саналат.

2. Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү болот жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш. Сот актыларын аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аларды аткарууга тоскоолдук кылуу, ошондой эле соттордун ишине кийлигишүү мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет (100-берене).

Конституция тарабынан бекитилген жалпы милдеттүүлүк принциби сот тутумунун биримдигин сактоого, сот адилеттигинин кадыр-баркын жана жарандардын калыстыкка болгон ишенимин жогорулатууга багытталган. Жогоруда аталган конституциялык ченемдердин алкагында, мыйзамдык күчүнө кирген сот актыларын кароо керек. Аларды аткарбоо сот адилеттигинин милдеттерин ишке ашырууга тоскоол болот, зыяндын ордун кайтаруу мүмкүнчүлүгүн, бузулган укукту калыбына келтирүүнү жокко чыгарат, соттолуучунун же жоопкердин соттун өкүмүн же чечиминин натыйжаларын аткаруудан бошотууга түрткү болот.

Мыйзамдык күчүнө кирген сот актыларынын жалпы милдеттүүлүк принциби сот чечимин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө ченемдер менен бекитилген, башка учурда, сот адилеттиги өзүнүн социалдык ролун жоготот, укук коргоочу жана укукту жүзөгө ашыруучу кызматын аткарбайт.

Ушуга байланышту, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси менен сот актысын кыянаттык менен аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик караштырылган (338-берене). Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин контекстинде кыянаттык, адамды административдик жоопкерчиликке тарткандан кийин жана сот аткаруучусу тарабынан жазык жоопкерчилиги жөнүндө жазуу түрүндө эскертилгенден кийин, сот актысын андан кийин аткаруудан баш тарткан убакта, соттун өкүмүнөн, чечиминен же башка сот актысынан келип чыккан, ага жүктөлгөн милдеттердин ал тарабынан аткарбагандыгын түшүнсө болот.

Бул учурда, сот актысын аткарбаган адамдын жүрүмтурумун, ал үчүн милдеттүү болгон сот актысынын жазма буйруктарын тоготпой жаткандыгын, жана бул жазма буйруктарды аткарууга чыныгы мүмкүнчүлүгү бар экендигин аныктоо маанилүү. Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын «Аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана сот аткаруучулардын статусу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык күнөөлүү жактарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселе сот аткаруучусунун сунушу боюнча компетенттүү органдар тарабынан чечилиши керек.

Адам тарабынан сот актыларын аткарууга тоскоолдук кылуу бул сот актыларынын аткарылышына тоскоол болгон аракеттерди аткаргандыгы менен чагылдырылат, ал өндүрүүгө бериле турган айлык акыны же башка мүлктү жашырып жабуу, иштеген орду, кирешелери, милдеттерди аткаруудан баш тартуу максатында мүлктү обочолонтуу боюнча келишимдерди түзүү жөнүндө маалымат бербөө, ошондой эле башка аракеттер менен чагылдырылат.

Субъективдүү тараптан бул жосун түз ниет менен гана жасалышы мүмкүн: күнөөлүү соттун актысы бар экендигин билип туруп, атайылап аракеттенген жок же чечим аткарылбай калышы үчүн анын аткарылышына тоскоолдук кылып жатат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин субъекттери болуп, мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, юридикалык жактар, ошондой эле жарандар чыгып сүйлөй алышат. Мындай субъективдүү курам Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде аныкталган, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесинин мазмунунан алып караганда, сот актыларынын аткарылбаганы үчүн, тиешелүү деңгээлде аткарылбаганы же тоскоол болушуна жоопкерчиликти карайт.

Ошентип, сот актыларынын жалпы милдеттүүлүгүнүн конституциялык принцибинен алып караганда, талаш-тартышка түшкөн ченемде каралган кылмыштын мындай субъективдүү курамы, конституциялык эрежелерге каршы келбейт жана жарандардын сот адилеттигине кирүү мүмкүнчүлүгүнө болгон укугун жүзөгө ашырууга багытталган.

Жогоруда аталган аракеттерге (аракетсиздикке) санкция катары, жазык мыйзамынын каралып жаткан ченеминде, мындан тышкары бир жылдан эки жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу каралган. Буга байланыштуу, кайрылуучу тарапта, жарандык-укуктук милдеттенме боюнча, негизинен, карыз акчасын төлөбөгөндүгү үчүн кабыл алынган, соттун чечимин кыянаттык менен аткарбагандыгы үчүн адамды эркинен ажыратуунун конституциялуулугуна карата шек саноо пайда болгон.

Мыйзамдын жогоруда аталган жоболорун туура түшүнүү үчүн, бул укук мамилелеринин предметтерин айырмалап алуу керек. Анткени, мыйзам тарабынан жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 21-главасы) жарандык-укуктук жоопкерчилик каралган, мисалы, тараптардын бири да жооп бербей жаткан милдеттенме боюнча келип чыккан милдеттерди аткаруу мүмкүн эмес болгон учурларда милдеттенмелерди токтотот.

Ошону менен бирге, жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбаган учурда жарандык-укуктук жоопкерчилик тегиздигинде кароо менен, сот карыз болгон адамды эркинен ажыратпай, бирок, аныкталган бир сумманы төлөөгө милдеттендирген же арыз берилген доонун чегинде башка жарандык-укуктук милдеттерди аткарууга чечим чыгарат, алар Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пункту менен макулдашат.

Ушул конституциялык жобо ошондой эле атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык Пакттын ченемдери менен бекемделген (мындан ары – Пакт), ага Кыргыз Республикасы Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы №1406-XII токтому менен кошулган.

Пакттын 11-беренесине ылайык кандайдыр бир келишимдик милдеттенмелерди аткара албаганын негизинде эч ким өз эркинен ажыратылбашы керек. Бул ченемдик жобо, катышуучу-мамлекет бул талапты улуттук мыйзам чыгарууда милдеттенме алгандыгын түшүндүрөт, соттордун адам карызын төлөй

албай же кандайдыр бир башка келишимдик милдеттенмелерди аткара албагандыгынын негизинде гана буга окшогон чечим чыгарууга укугу жок.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинде көрсөтүлгөн милдеттенмелер, укук мамилелеринин башка предметине көргөзүп турат, анда жазык жоопкерчилигине мыйзамдуу күчүнө кирген, ошондуктан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актысын кыянаттык менен аткарбай жаткан адам жазык жоопкерчилигине тартылат, жана алардын аткарылышына тоскоол болгон аракеттерди (аракетсиздик) жүзөгө ашырууга барабар болот.

Мыйзам чыгаруучу тарабынан орнотулган жазык жоопкерчилиги сот адилеттигинин кызыкчылыгына олуттуу зыян келтирген коомдук коркунучтуу аракеттин жосуна негизделген соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актысын аткарбоонун терс натыйжасы жарандардын сот адилеттигине болгон терс мамилесин калыптандырат, соттун беделин түшүрүүгө шарт түзөт, маанилүү коомдук, мамлекеттик процесстерге жана тутумдарга таасир кылат.

Каралып жаткан аракеттин коомдук коркунучу, ошондой эле сот актысын аткаруунун мыйзамдуу жалпы милдеттүүлүк принцибин аткарбоодо турат, бардык адамдардын, анын ичинде көз каранды болгон жарандар тарабынан аткарылышын кепилдөө мүмкүнчүлүгүндө турат.

Соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актысын аткарбагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигин караган кылмыш курамынын жашоо зарылдыгы бул кол салуу менен бузулуп жаткан коомдук мамилелердин сапаттуу өз алдынчалыгы менен аныкталат, анткени сот адилеттиги укук мамилелеринин катышуучуларынын ортосунда келип чыккан карама-каршылыктарды чечтетүүчү маанилүү жөнгө салгыч катары чыгат жана жазык-укук каражаттары менен кайтарылууга муктаж.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинде каралган жазык-укук тыюу салууларынын шарттарын талдоо анын зарылдыгы жана максаттуулугу жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет.

3. Эч ким бир эле укук бузгандык үчүн кайра юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт (Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгү). Эгер адам юридикалык жоопкерчиликке тартылган болсо, жана соттун же башка ыйгарымдуу органдын укуктук актысы жыйынтыктоочу мүнөзгө ээ болсо, буга конституциялык принцип колдонулат. Бул корутунду мыйзамга жана ар бир өлкөнүн жазык-процесстик укугуна жана мыйзамына ылайык толугу менен соттолгон же акталган адам, ал кылмыш үчүн кайрадан соттолбойт же жазаланбайт деп көрсөтүлгөн (14-бе-рененин 7-бөлүгү) Пакттын ченемдери менен макулдашылат. Пакттын аталган жобосу ошол эле иш боюнча жазык процедурасынын кайталоого формалдык тыюу салуу катары гана эмес, соттолуучулардын маанилүү укугу катары да каралат.

Бул принцип боюнча, баарынан мурда, соттолуучуга карата сот актысын кайра кароонун мүмкүн эместиги менен камсыздалат, ал жаңы жазык куугунтугуна тартылбайт, күнөөлүү деп табылып, бир эле иш үчүн кайра соттолбойт. Мындай мамиле бул укуктук аракеттин чөйрөсүн кеңейтүүгө

мүмкүндүк берет, аны менен кандайдыр бир деңгээлде административдик сот өндүрүшүн камтыйт.

Бир эле кылмыш үчүн кайталап камалууга дуушар болбоо укугун жүзөгө ашыруунун негизги шарты кайрадан милдеттендирилген адамдын акталган же соттолгон ошол жосуну менен окшоштугу саналат.

Бул учурда окшош болуп калган эки кылмышты баалоо учурунда, аларды бир укук бузууларынын аталышы менен гана эмес, абдан маанилүү болгон – алардын маңызы жана максаты боюнча дагы, ошондой эле бул укук бузуулар бир эле олуттуу элементтерди камтый тургандыгын айырмалоо керек.

Ушуга байланыштуу, адам бир эле укук бузгандык үчүн кайра юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт деп көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгү бир эле юридикалык жоопкерчиликтин алкагында каралышы мүмкүн.

Ошентип, адамды жазык жоопкерчилигине жана административдик жоопкерчиликке тартуу аталган укук бузуулардын белгилеринин окшош эместигинен улам, бир эле укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартууга мүмкүн эместиги жөнүндө конституциялык эрежелерге каршы келбейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8-, 9-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 46-, 47-, 48-, 51-, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Конституциялык палата

**ЧЕЧТИ:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренеси Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 27-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.
2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.
3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга жатат.
4. Чечим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басмаларында, Конституциялык палатанын атайын сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Ушул иш боюнча судья Э.Ж. Осконбаевдин жана К.С.Сооронкулованын өзгөчө пикири бар.

**Жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусуна байланыштуу Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 7-майындагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары Э.Ж. Осконбаевдин жана К.С. Сооронкулованын**

## ӨЗГӨЧӨ ПИКИРИ

1. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 11-беренесине ылайык **кандайдыр бир келишимдик милдеттенмелерди аткара албагандыгынын негизинде эч ким өз эркиндигинен ажыратылбашы керек.** Ошону менен бирге Пактка кошулган мамлекеттер, мыйзамдуу тыюу салууну алдын ала кароо милдеттүүлүгүнө ылайык соттор тиешелүү адам карызын төлөй албагандыгы же кандайдыр бир башка келишимдик милдеттенмени аткара албагандыгынын негизинде гана эркинен ажыратуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемде «аткара албагандыгынын» деген сөз айкашы өзгөчө мааниге ээ. Бул эгерде карызкор төлөй алып, бирок аны аткаруудан баш тарткан учурда 11-берене аны эркинен ажыратуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгар багандыгын билдирет.

Анын үстүнө, 11-берененин текстинде «гана» деген да сөз бар, башкача айтканда карызкор милдеттенмеден баш тартпайт, бирок объективдүү себептерден улам, карыз милдеттенмесин аткарууга реалдуу мүмкүнчүлүгү жок.

Эгер карызкор өзүн алдоо жолу менен алып жүрсө, өзүнүн мүлкүн жашырса же кандайдыр бир башка жол менен атайлап карыз милдеттенмесин аткаруудан баш тартса, ага карата эркинен ажыратуу мүмкүнчүлүгүн колдонуу жокко чыгарылбайт.

Мааниси жана мазмуну боюнча окшош ченемди адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европа Конвенциясынын 4 протоколунун 1-беренеси да камтыйт[4]: «Кандайдыр бир келишимдик милдеттенмени аткара албагандыгынын негизинде гана эч ким эркиндигинен ажыратылбашы керек».

Адамдын укугу боюнча эксперттердин комитетинин бул документке карата түшүндүрмөлөрүндө, 1-берене акчалай карыздарды гана эмес, кандай түрдө болбосун келишимдик милдеттенмелерди аткарбоого тиешелүү түшүндүрмө камтылган. Берене коомдук укук же жеке укук мыйзамынан келип чыккан милдеттенмелерге карата колдонулбайт.

---

[3] Адамдын укугун жана негизги эркиндигин коргоо жөнүндө Европа Конвенциясы Кыргыз Республикасы үчүн юридикалык мааниге ээ эмес. Бирок, расмий документтерде камтылган комментарийлер эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдеринде маанини түшүндүрүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Комитет «аткара албагандыгынын негизинде гана» деген сөздөрдүн маанилүүлүгүн айрыкча белгилеген. Эксперттердин пикири боюнча, берене эркиндигинен ажыратууга тыюу салууга жалгыз гана бир себеп менен багытталган: бул адам эркиндиги жана ар намысынын концепциясына каршы келүүчү чаралары катары ошол адамдын өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткаруу үчүн материалдык каражаты жок.

Комитеттин пикири боюнча, эгерде келишимдик милдеттенмени аткарбай коюуну шарттаган башка фактор болсо, эркиндигинен ажыратууга тыюу салынбайт, мисалы, эгер карызкор алдоо же арамзалыкты колдонуу менен аракет кылып жатса, атайын милдетин аткаруудан баш тартса, өзүнүн жеке менчиги жөнүндө көрсөтмө берүүдөн баш тартса.

Мындай учурларда, Комитеттин пикири боюнча, ал адам 1-берене тарабынан берилген коргоону колдоно албайт. Ошентип, жогоруда айтылган шарттарда жана жагдайларда мамлекет №4 Протоколдун 1-беренеси боюнча өз милдеттенмесинен четтей алат деп жыйынтык чыгарса
болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн эл аралык келишимдердин ченемдерине жарандык укуктук милдеттенмелерди аткарбагандыгынын негизинде гана эч ким эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн болбогондугун белгилөөчү Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгү кабарлайт. Ушул тыюу салуунун кепилдиктери Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктунун натыйжасында эч кандай чектөөлөргө жатпайт. Ушул тыюу салуу Конституцияда өз мааниси жана мазмуну боюнча олуттуу кеңейтүү алган.

Келтирилген конституциялык жоболордун мазмунунан жазык мыйзамы кандай болбосун жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууну жаза чарасыкатары кармай албайт. Жарандык укуктук милдеттенменин легалдуу дефиниция түшүнүгү Жарандык кодекстин 296-беренесинде камтылган: Милдеттенмеге жараша бир жак (карызкор) экинчи жактын (кредитордун) пайдасына белгилүү бир аракеттерди жасоого: мүлктү өткөрүп берүүгө, иш аткарууга, акча төлөөгө жана башка нерселерди жасоого же белгилүү аракетти аткарбоого милдеттүү, ал эми кредитор карызкордон милдеттенмесин аткарууну талап кылууга укуктуу. Милдеттенме келип чыгуу негизине жараша келишимдик жана келишимдик эмес деп бөлүнөт (ГК7-, 297-беренелери).

Ошентип, Пакттын 11-беренесинин жана Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгү менен 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктунун жазма буйруктарынын ортосунда мындай карама-каршылыктар жок жана алар окшош мамилелерди жөнгө салат, бирок, салыштырылган ченемдердин гипотезаларында ачык макулдашылбагандык бар. Пакттын 11-беренеси келишимдик жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга тыюу салат, тескерисинче Конституция жарандык-укуктук милдеттенменин жаратылышынан тиешесиз ошондой эле тыюу салууну белгилейт.

Ошону менен, Конституциянын 24-беренесинин 3-бөлүгү менен 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктун мыйзамдуу ишке ашырууда Конституциянын

ченемдеринин же эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдеринин артыкчылыгы жөнүндө суроо келип чыгат [5].

2. Конституциянын 24-беренесинин 3-бөлүгү тарабынан белгиленген тыюу салуу насыялык карызын төлөөдөн качканы үчүн жазык жоопкерчилиги каралган КЖКнын 186-беренесин Кылмыш-жаза кодексинен мыйзамдуу алып салуу менен ишке ашырылган. (2009-жылдын 20-февралындагы «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесинин 4-бөлүгү). Карызкор тарабынан милдеттерин аткарбаган учурда бардык келишим боюнча насыялык карыз түзүлгөндүктөн КЖК 186-беренеси менен келишим мамилелеринин дээрлик кеңири чөйрөсү коргонуп келгендигин белгилей кетүү керек. Милдеттенме укук ченемдери боюнча бир жак (карызкор) экинчи жактын (кредитордун) пайдасына белгилүү бир аракеттерди жасоого: мүлктү өткөрүп берүүгө, иш аткарууга, акча төлөөгө жана башка нерселерди жасоого же белгилүү аракетти аткарбоого милдеттүү, ал эми кредитор карызкордон милдеттенмесин аткарууну талап кылууга укуктуу.

Ошону менен бирге, мыйзам ушул конституциялык жазма буйрукту толук өлчөмдө ишке ашырууну камсыз кылып жатат деп аныктоо эрте болуп калмак.

Конституциялуулук предметине талаш болуп жаткан, булардан тышкары, Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренеси белгиленген мөөнөттөрдө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка соттук актыны кыянаттык менен аткарбагандык, ага тете аларды аткарууга тоскоолдук кылуу үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө санкцияны карайт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде белгилейт, жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбагандык жарандык-укуктук жоопкерчилик көз карашында турат, аны аткарбоодо «сот карызкорду эркиндигинен ажыратпаган чечим чыгарат, бирок, белгилүү бир сумманы төлөөгө милдеттендирет же Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пункту менен макулдашылып, арыз берилген доонун чегинде башка жарандык-укуктук милдеттерди аткарууга чечим чыгарат.

---

**[4] БУУнун Эл аралык соту тарабынан Application of the Obligation to Arbitrate under Section 21 of the UN Headquarters Agreement иши боюнча кеңеш берүүчү корутундусунда мындай бекитилген: «Эл аралык укуктук жалпы таанылган принциби болуп, ички укук жоболору келишимдин ченемдеринин үстүнөн артыкчылык кыла албайт», бул The Greco-Bulgarian Communities ишинде Эл аралык сот адилеттигинин Туруктуу палатасы тарабынан колдонулган. Андан ары эл аралык укуктук ченемдеринин артыкчылыктары 1969-жылдагы Эл аралык укуктар жөнүндө Вена конвенциясынын 27-беренесинде жана 1986-жылдагы мамлекеттер жана эл аралык уюмдардын ортосундагы же эл аралык уюмдардын ортосундагы келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 27-беренесинде бекитилген. Аны менен бирге эл аралык укуктун ченемдерин колдонуу бир эле убакта мамлекеттик көз карандысыздыктын бардыгынын күчүндө түздөн-түз мамлекеттин эркинен көз каранды болот.**

Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайлар укук мамилелеринин башка предметин көргөзөт, жазык жоопкерчилигине мыйзамдуу күчүнө кирген кыянаттык менен аткарбаган адамдар тартылат, ошондуктан милдеттүү аткарууга жаткан соттун өкүмү, соттун чечими же башка сот актысы аларды аткарууга тоскоолдук кылган аракеттерди (аракетсиздик) жүзөгө ашырганга тете. Башкача айтканда, Конституциялык палатанын укуктук позициясына ылайык, КЖКнын талашка түшкөн ченеми менен Конституциянын ченеминин ортосунда юридикалык өз ара байланыш жок.

Ошону менен бирге, жарандык-укуктук жоопкерчилигинин көз карашында жарандык-укуктук милдетти аткарбоо сот актысын чыгаруу менен белгиленет. Соттун чечими менен жарандык-укуктук милдеттенменин бардыгы тастыкталат жана доогерге аны мажбурлап өндүрүп алуу укугу берилет. Соттун чечими менен күчөтүлгөн доочунун мындай укугуна, карызкордун келип чыккан карызын төлөө милдети кабарланат. Бул жарандык-укуктук чөйрөдө болот жана карызды төлөө маселесинин акыркы чечими ушул эле чөйрөдө өтүшү керек. Жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында чыккан жана мыйзамдуу күчүнө кирген мындай сот актысыз, соттун чечимин аткаруудан баш тартуу өзүнөн өзү куугунтуктала албайт.

Демек, каралып жаткан контекстте соттун чечимин аткарбагандык жарандыкукуктук милдеттенмени аткарбаганга маанилеш, башкача айтканда жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбоо маселеси жазык-укуктук мааниде соттун чечимин аткарбоого алып келет. Ошону менен, КЖКнын 338-беренесинин ченемдери жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбаганы үчүн жазык жоопкерчилигине (эркиндигинен ажыратууга чейин) тартуу мүмкүнчүлүгүн карагандыктан арыз ээсинин өз позициясын далилдөөгө болгон далилдери толук ынанымдуу болуп саналат.

Ошондой эле белгилей кетүү керек, жазык жоопкерчилигине тартуу жарандык-укуктук милдеттенмени аткарууга кепилдик боло албайт.

3. Аткаруу өндүрүшү – мыйзам тарабынан бекитилген тартипте жүзөгө ашырылуучу жана карызкорго мажбурлап аткаруу чараларын колдонуу менен байланышкан мажбурлап аткаруу органдарынын иши. Ушул ишти регламенттөөнүн негизги ченемдик акты «Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана соттук аткаруучулардын статусу тууралуу» Мыйзамы болуп саналат (мындан ары – Мыйзам).

Сот актыларын түздөн-түз аткаруу Сот департаментинин алдындагы соттук аткаруучуларына жана анын аймактык органдарына жүктөлөт. Мыйзамдын 49-беренесине ылайык соттук аткаруучу тарабынан карызкорго берилген ыктыярдуу аткаруу үчүн мөөнөт аяктагандан кийин, ошондой эле карызкор ыктыярдуу аткаруудан баш тарткан же качкан учурда соттук аткаруучу тез арада мажбурлап аткаруунун өндүрүшүнө киришет.

Ошентип, сот чечимин мажбурлап аткаруу жүгү мамлекеттин атынан соттук аткаруучусуна жүктөлөт, алар сот актысына аткаруу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттүү, бул максаттарда мыйзам чыгаруучуларга зарыл өлчөмдө ыйгарым укуктарды бөлүп берет жана алардын карамагына сот актысын

мажбурлап аткаруу үчүн жетиштүү юридикалык ыкмалардын дээрлик механизмин берет.
Аткаруу мыйзамдарына ылайык, бардык аткаруу өндүрүшүнүн субъекттери сот актыларын мажбурлап аткарууну жөнгө салуучу мыйзамдын жазма буйруктарын аткарууга милдеттүү.

Сот актысын түздөн-түз аткаруу, аткаруу өндүрүш тармагында мыйзамдуу тартипте атайын ыйгарым укуктар берилген адамдарга жүктөлөт. Анын үстүнө, бийлик ыйгарым укуктарына ээ субъекттер өзгөчө орунду ээлешет.

Аларга: мажбурлап аткаруу органдары, соттор, прокуратура, айрым мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирет.

Көрсөтүлгөн субъекттердин негизги айырмалоо белгиси болуп, алардын ишинин мансаптык мүнөзү болгондуктан, сот актыларын мажбурлап аткаруу мүмкүн болот. Жогоруда саналгандардан башка, бул түргө өкүл кылып жиберилген ыйгарым укуктуу субъекттерди - банктарды, башка насыя уюмдарын, ошондой эле карызкорго мезгилдүү төлөмдөрдү төлөп жаткан уюмдарды жана башка адамдарды киргизсе болот.

Алардын укуктук статусунун өзгөчөлүгү алардын чындыгында өкүмдүү ыйгарым укугунун жоктугуна карабай, алар мамлекет тараптан аларга аткаруу өндүрүш тармагында өзгөчө ыйгарым укуктарды бергенинин натыйжасында мажбурлап аткарууга активдүү катышышат: алардын эсебинде турган акча каражаттарын өндүрүп алуу, карызкор-жаранга мезгилдүү төлөмдөрдү кармап калуу.

Көрсөтүлгөн адамдардын укуктук абалы аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүндө өз алдынча процесстик мааниге ээ. Дал ушул көрсөтүлгөн адамдардын иши аткаруу өндүрүшүнүн алкагында сот актыларын мажбурлап аткарууну камсыз кылат. Ушул субъекттердин ар бири аткаруу өндүрүшүндө өзүнүн мыйзамдуу белгиленген кызматын аткарып жатып, жарандардын жана уюмдардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо максатында алардын туура жана өз убагында аткарылышына көмөк көрсөтөт.

Ошондуктан, дал ушул адамдар сот чечимин аткарбаган катары бааланган жосундун субъекттери болуп саналат, бул адамдардын негизинен сот актысын аткарууда аракетсиздикте (бул учурда алар активдүү аракет кылышы керек) чагылдырылган укукка каршы аракеттери, сот чечимин аткарбоо катары бааланат.

2009-жылдын 24-июлундагы №246 «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» жана 2012-жылдын 21-ноябрындагы №186 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынганга чейин, сот чечимин аткарбаган үчүн бийликтин өкүлүнө, мамлекеттик кызматчыга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчысына, мамлекеттик мекеменин, коммерциялык же башка уюмдун кызматчыларына гана жазык жоопкерчилиги болгон.

4. Аткаруу өндүрүшүндө катышып жаткан карызкор, өндүрүп алуучу менен бирге, анын тараптарынын бири катары чыгат. Карызкор негизинен, милдеттүү тарап болгон учурда өндүрүп алуучу артыкча ыйгарымдуу жак болуп эсептелет.

Каралып жаткан иштин маңызынан сот актысын аткаруу максатында ага карата мажбурлоо чаралары колдонулуп жаткан жак катары, карызкордун жоопкерчилиги жөнүндө маселени карайбыз.

Сот актысын мажбурлап ишке ашыруу, карызкордун өз милдетин ыктыярдуу аткаруудан баш тарткан учурда, сот аткаруучу карызкордун эркине каршы жана карабастан өндүрүп алуучунун бузулган укугун кайра ордуна келтирүү максатында ага мажбурлап аткаруу чараларын колдонууга милдеттүү.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе мажбурлап аткаруу сот чечимин ыктыярдуу аткаруудан баш тарткан карызкордун аракетсиздик себеби боюнча жүргүзүлөт.

Карызкор аткаруу документтери боюнча белгилүү бир аракеттерди жасашы керек (аткаруу документи тарабынан каралган акча каражаттарын жана башка мүлктү берүү, башка милдеттерди же тыюу салууларды аткаруу) же аларды жасоону токтотуп турушу керек, башкача айтканда аткаруу аракеттерин жасоодо карызкор аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткарууга милдеттүү. Аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүндө сот аткаруучу сот актысын мажбурлап аткаруу үчүн тиешелүү инструменттердин бардыгына ээ болот (төлөтүп алууга кайрылуу, мүлктү камакка алуу, камактагы мүлктү сатуу ж.б.). Мындай шарттарда карызкордун кандай болбосун аракеттери мындай аткарууга тоскоолдук катары каралышы мүмкүн, мисалы, мүлккө болгон өз укугу тууралуу ишенүүгө болбой турган маалыматтарды берүү жолу менен, жаңы жумуш орду жөнүндө, киреше алган жери же жашаган жери тууралуу билдирбөө ж.б.

Ошентип, мажбурлап аткаруу өндүрүшүнүн маңызы жана мазмунунан карызкордун укукка каршы аракеттери сот актысын аткарбоо катары каралбай, сот аткаруучунун мыйзамдуу талаптарын аткарбоо катары бааланышы керек.

Демек тергөөчүгө, аткаруу өндүрүшүнүн коомдук-укуктук мүнөзүнүн натыйжасында жеке жактар КЖК 338-беренеси менен каралган кылмыш субъекттери боло албайт.

Конституциялык палата өз чечиминде «каралып жаткан жосундун коомдук коркунучу, аны бардык адамдар, анын ичинде ал көз каранды болгон жарандар тарабынан анын аткарылышын кепилдөө мүмкүнчүлүгүндө сот актысын аткаруунун мыйзамдуу жалпы милдеттүүлүк принцибин аткарбоодо турат. Ушуга байланыштуу белгилөөчү нерсе, мамлекет гана ага ыйгарым укуктуу органдардын жана кызмат адамдарынын атынан сот актысын аны мажбурлап аткаруу аркылуу жалпыга милдеттүүлүгүн кепилдөөгө милдеттүү. Эгерде сот актысын аткаруу негизинен карызкордон көз каранды болсо, аткаруу өндүрүшү өз маанисин жана мазмунун жоготот.

Бул учурда, карызкор сот актысын ыктыярдуу аткаруудан баш тартканда, мыйзамдуу каралган мажбурлоо чаралары колдонулбай юридикалык жоопкерчиликке тартылышы керек.

5. Конституциялык палатанын чечиминин үчүнчү бөлүгү да белгилүү бир маселелерди жаратат. Кайрылуу субъекти Е.В. Осинцев адам бир эле укук бузгандык үчүн, бул учурда соттун чечимин аткарбоо, «Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчили жөнүндө» Кодексинин 422-беренеси (мындан ары – АЖК) жана Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренеси боюнча (мындан ары – КЖК) эки жолу юридикалык жоопкерчиликке тартылат

деп эсептейт. Е.В. Осинцевдин далилдери иштин материалдары менен тастыкталат.

Биринчиден, Конституциялык палата ушул маселеде өз жыйынтыктарын аргументтештирүү менен бул принципти колдонууну негизинен жазык укук чөйрөсү менен байланыштырат. Чынында бир эле укук бузуу үчүн юридикалык жоопкерчиликтин бир гана жолку принциби («non bis in idem» принциби) жалпы укуктук мааниге ээ, так ушул мааниде ал Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген жана көптөгөн тармактык актыларда такталган. Атап айтканда, АЖ кодексинин 549-беренесинин 9-пунктуна ылайык, административдик жоопкерчиликке тартылган адамга карата ошол эле факты боюнча соттун (судьянын) органдын (кызмат адамынын) административдик жаза чара жөнүндө токтомунун, же болбосо административдик укук бузуу жөнүндө ишти токтотуу тууралуу жокко чыгарылбаган токтом болгондо, административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жокко чыгаруучу жагдай болуп саналат.

Эмгек кодексинин 147-беренесинин 6-бөлүгү: «Ар бир тартиптик жорук үчүн бир гана тартиптик жаза колдонулушу мүмкүн» деп бекитет. Акырында Салык кодексинин 137-беренесинин 3-бөлүгү «эч ким бир эле салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке кайрадан тартылбайт» деп белгилейт.

Экинчиден, Конституциялык палата «адам бир эле укук бузгандык үчүн кайра юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт деп көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгү бир эле юридикалык жоопкерчиликтин алкагында каралышы мүмкүн» деп көрсөтүү менен, адам бир эле укук бузгандык үчүн кайра ар түрдүү юридикалык жоопкерчиликке (бул учурда административдик жана жазык) тартылат деп эсептейт. Мындай тыянак Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгүнө гана каршы келбестен, укук бузуулардын жалпы кабыл алынган квалификациясы жана юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрү менен да ылайык келбейт.

Биздин көз карашыбызда, бул принциптин мазмунун түзүүчүлөрдүн бири бир эле иш боюнча жазык жана административдик жоопкерчиликти белгилөө учурунда эки жолку айыпталоонун мүмкүн эместиги жөнүндө маселе саналат (кеп кылмыштын жана административдик укук бузуулардын курамынын белгилеринин келүүсү жөнүндө болуп жатат).

Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексинин 422-беренесине ылайык: «Соттун чечимин жана соттун аныктамасын, ошондой эле бул чечимдерди аткаруу боюнча сот аткаруучусунун мыйзамдуу талабын аткарбоо - жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн бештен жүз, кызмат адамдарына жыйырмадан жүз өлчөмүнө чейин административдик айып салууга алып келет».

Аткаруу өндүрүшүнүн коомдук-укуктук мүнөзү, жеке жак сот аткаруучусунун мыйзамдуу талабын аткарбагандыгы үчүн административдик жоопкерчиликке тартылуусун болжолдойт. Ушул укук бузуу үчүн административдик жоопкерчиликти белгилеп жатып, мыйзам чыгаруучу аны менен каралып жаткан иштин коомдук коркунучунун жетишсиз деңгээлин тааныйт. Коомдук коркунуч деңгээли – администрациялык укук бузууларды кылмыштан чектөөгө мүмкүндүк берип жаткан чен белги.

Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесине ылайык: **«мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмүн, соттун чечимин же башка сот актысын кыянаттык менен аткарбагандык, ага тете аларды аткарууга тоскоолдук кылуу – сексенден эки жүз кырк саатка чейинки мөөнөткө коомдук жумуштарга же болбосо жүздөн миңге чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндө айып салууга, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратууга, же болбосо бир жылдан эки жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратууга жазаланат».**

КЖК 338-беренесинин диспозициясында аракет (аракетсиздик сот аткаруучусунун мыйзамдуу талаптарын аткарбоо түрүндө түшүндүрүлбөйт.

Демек, бул жосун жеке адамга кылмыш жасаган катары күнөөлөөгө болбойт.Ошол кезде, иштин материалдарынан жана сот отурумунда кайрылуучу тараптын чыгып сүйлөгөнүнөн жеке адамдар сот чечимин аткарбаганы үчүн административдик жана жазык жоопкерчилигине тартылышат.

Андан сырткары, административдик жана кылмыш жазаларынын чаралары биринин артынан бири колдонулат. Дал ушул себеп боюнча, жаран Е.В. Осинцевдин Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгүнүн КЖК 338-беренесине ылайык келүүсү тууралуу шектенүүсү жаралган.

Жеке адамдар сот чечимин аткарбоо субъекттери боло алышпайт деген ынанымдуу жактоочулар болуу менен, төмөнкүлөрдү белгилейбиз.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик жоболордун салыштырмалуу талдоосу, кылмыш-жаза кодекси менен Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин беренелеринде алар бирдей жазылгандыктан (объектинин, субъекттин, субъективдүү тараптын толук дал келиши жана субъективдүү тарапты чектөөчү бир белги) сот актысын аткарбоо бөлүгүндө кеп бир эле укук бузуу жөнүндө болуп жаткандыгын күбөлөндүрөт.

Тескерисинче Конституциялык палатанын чечиминде төмөндөкүдөй корутундуланат: **«...адам-ды жазык жоопкерчилигине жана административдик жоопкерчиликке тартуу аталган укук бузуулардын белгилеринин окшош эместигинен улам, бир эле укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартууга мүмкүн эместиги жөнүндө конституциялык эрежелерге каршы келбейт».**

Административдик жана жазык жоопкерчилигинин дал келиши тууралуу маселеде, бир эле укук бузуу бир эле убакта административдик жорук жана жазык кылмышы боло албай тургандыгын белгилей кетүү маанилүү. Мунун натыйжасында, мыйзам чыгаруучу КЖК да субъективдүү тараптын мындай белгисин «кыянаттык» катары карайт. Буга байланыштуу, «кыянаттык» бир эле иш үчүн эки жолу айыптоого жол бербөө максатында административдик жоруктан кылмышты «сот актысын аткарбоонун» зарыл чектөөнүн белгилери болуп саналабы деген суроо келип чыгат.

Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 338-беренесинин контекстинде кыянаттык, адамды административдик жоопкерчиликке тарткандан кийин жана сот аткаруучусу тарабынан жазык жоопкерчилиги жөнүндө жазуу түрүндө эскертилгенден кийин, сот актысын андан кийин аткаруудан баш тарткан убакта, соттун өкүмүнөн, чечиминен же башка сот

актысынан келип чыккан, ага жүктөлгөн милдеттердин ал тарабынан аткарбагандыгын түшүнсө болот».

Андан кийин: «...Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын «Аткаруу өндүрүшү жөнүндө жана сот аткаруучулардын статусу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык күнөөлүү жактарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселе сот аткаруучусунун сунушу боюнча компетенттүү органдар тарабынан чечилиши керек».

«Аткаруу өндүрүшү жөнүндө» мыйзамынын тиешелүү ченеминин текстин келтиребиз:

***94-берене. Аткаруу өндүрүшү жөнүндөгү мыйзамдардын сакталбагандыгы үчүн жоопкерчилик***

*1. Соттук аткаруучунун мыйзамдуу талаптарын аткаруудан баш тарткандык жана ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик болбоо жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.*

*2. Жоопкерчиликке тартуу карызкорду аткаруу документинде каралган иш-аракеттерди аткаруу милдетинен бошотпойт.*

*3. Күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселе соттук аткаруучунун сунуштамасы боюнча компетенттүү органдар тарабынан чечилет.*

Жада калса эң үстүртөн жасалган талдоо да, мыйзам чыгаруучу берененин аталышында да, анын мазмунунда да аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзам талаптарын аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө айтып жатат, башкача айтканда сот аткаруучусунун мыйзамдуу талаптарын иш жүзүндө аткарбагандыгын күбөлөндүрүп жатат. Буга байланыштуу өзгөчө белгилей кетүү керек, мындай аракеттин (аракетсиздиктин) объекти болуп, соттун өкүмдөрүн, чечимдерин же башка сот актыларды аткарууга багытталган мамлекеттик бийлик органдын нормалдуу иштерин камсыз кылуучу коомдук мамилелер саналат, тескерисинче сот актысын аткарбоо объекти катары конституциялык, жазык, жарандык жана административдик сот өндүрүшүнүн тартибинде чыгарылган сот чечимдерин ишке ашырууда белгиленген тартипти камсыз кылуучу коомдук мамилелер саналат.

Конституциялык палата өз чечимин жүйөлөп жатып жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамга таянып, мыйзам чыгаруучу административдик же болбосо жазык жоопкерчилигине тартууга буйрук бергендигин көңүлгө алган эмес.

Башкача айтканда «Аткаруу өндүрүшү жөнүндө» мыйзам да, Кылмыш-жаза кодекси да адамды алгач административдик жоопкерчиликке тартылуу зарылдыгы тууралуу андан кийин жазуу түрүндө жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө эскертүү берилери жөнүндө жазма буйруктарды камтыбайт.

Ошентип, мыйзамдуу белгиленген белгилери жок болгондо, «кыянаттык» баалоочу мүнөзгө ээ болот, муну менен КЖК 338-беренесин колдонгон адамдын түшүнүгү берилет. Буга байланыштуу, иш жүзүндө жеке адамды АЖ жөнүндө Кодекстин 422-беренеси боюнча административдик жоопкерчиликке тартуу КЖК 338-беренеси боюнча жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн негиз болуп калат,

жана өз кезегинде «non bis in idem» конституциялык принцибинин бузулушуна алып келгендиктен сот актысын кыянаттык менен аткарбоо катары бааланат.

Конституциялык палатанын жыйынтыгына ылайык «эки кылмышты окшош катары баалоо учурунда, аларды бузууларынын аталышы менен гана эмес, ошондой эле абдан маанилүү болгон алардын маңызы жана максаты боюнча дагы, бул укук бузуулар бир эле маанилүү элементтерди камтый тургандыгын айырмалоо керек», дагы белгилей кетүү керек, АЖ жөнүндө Кодекстин 422- жана КЖК 338-беренесинде каралган укук бузуулар, маңызы жана максаты боюнча айырмасы жок жана бир эле маанилүү элементтерди камтыйт.

Бул позицияга Австрияга каршы Фишердин иши боюнча Европа сотунун чечими да ылайык келет. Сот, эгер «non bis in idem» эрежесин бузуу жөнүндө маселени чечүү үчүн «бир аракеттен келип чыккан ар түрдүү укук бузуулар ирээти менен, биринин акыркы чечиминен кийин бири болуп алмашса», «бул укук бузуулар бир эле маанилүү элементтерди камтый тургандыгын белгилөө керек» экендигин айтат.

Бул иште «арыз ээси эки жолу соттолгон жана жазаланган, алгач – административдик укук бузуу үчүн, андан кийин – Кылмыш-жаза кодекси тарабынан каралган иши үчүн – маанилүү элементтеринде айырмачылык жок болгондуктан сот «non bis in idem» принцибинин бузулгандыгын мойнуна алган.

Ошентип, биздин көз карашыбызда, кайрылган тараптын талаптары жана далилдери туура укуктук негизге ээ жана конституциялуулук предметине талашылып жаткан КЖК 338-беренеси Конституциянын 27-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө каршы келет.

Судьялар Э.Ж. Осконбаев

К.С. Сооронкулова